# Ысык-Көлдө катылган сыр



Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Ысык-Көлдө катылган сыр

Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ысык Көлдө катылган сыр" (кыргыз тилинде), автор Абдыкерим Муратов, сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Эрнис эртең менен атасы, апасы, эжеси болуп, көл жээгин бойлоп басып жүрүштү. Толкундар ар түрдүү нерселерди сыртка чыгарып таштаптыр.

– Кечинде алай-дүлөй бороон болбоду беле, суу түбүнөн толкун менен  чыгып калса керек, – деди атасы.

Эрнис эжеси экөө үлүл кабыктарын, майда кооз таштарды кызыгып терип жүрүп, алакандай кызгылт буюмдун сыныгын таап алышты.

– Ата, бул эмне? – деди Эрнис таңыркай табылганы атасына көрсөтүп.

– Кана, көрөйүнчү, – деп атасы кунт коюп карап калды.

– Кумуранын сыныгы окшойт. Ал жакка кантип түшүп калды экен.? – деди Бермет ойлуу.

– Ысык-Көлдүн Түп булуңунда байыркы учурда шаар болгон деп айтылат. Кытай саякатчылары ал шаардын атын Чигу дешкен. Чигу – бул кызыл өрөөндөгү шаар дегенди билдирет, – деди атасы.

– Эмне үчүн кызыл өрөөн деп айтылып калды экен? – Эрнис таң калды.

– Жыргалаң суусу агып түшкөн жерлерди карасаңар, кызыл аскалар сыяктанат. Ошону үчүн кызыл өрөөн деп аталса керек, – деди апасы.

Балдарды Чигу шаары абдан кызыктырып калды. Алар интернеттен дагы маалыматтарды издеп көрүүнү чечишти. Эрнис менен Бермет смартфонду алып, карай башташты.





– Мына таптым! Чигу шаарын табууга биринчи аракет 19-кылымда эле башталыптыр. Биздин замандын башында көлдүн суусу көтөрүлүп шаарды көмүп калган. Суунун астында шаардын негизги бөлүгүнүн калдыктары жатат. Суу астында сүзүү үчүн атайын жабдуулар пайда болгондон кийин гана, шаарды табуу боюнча изилдөөлөр иш жүзүнө ашкан. Ошондон баштап көптөгөн кызыктуу буюм-тайымдар табылган. Акырындык менен Чигу шаары өзүнүн сырын ачып берүүдө, – деп Эрнис интернеттен тапкандарын окуп берди.

– Менимче, ал кезде Ысык-Көл кичинекей эле көл болсо керек. Бара-бара көл толуп, жээгинде жайгашкан Чигу шаары суу алдында калды да, – деп Бермет өз оюн айтты.

– Балким, сен да туура айтып жатасың. Бирок Чигу чоң шаар болгон. Жибек жолу ошол шаардан өткөн, – деди атасы ойлонуп.

– Жок, менимче, чоң жер титирөө болгон. Жыл сайын биздин планетада жүз миңдеген жер титирөөлөр катталат. Өзгөчө жер титирөөнүн очогу тоолуу аймактарда көп болуп турат. Чигу шаары тоолуу аймакта жайгашкандыктан, 11-12 баллдык жер титирөөнүн кесепетинен, суу астында калгандыр, – деп Эрнис божомолдоду.

– Ушуга байланыштуу башка бир сөз да айтылып келет. Тоо тарапта, азыркы Ала-Баш, Дөң-Талаа, Коңур-Өлөң, Тогуз-Булак айылдарынын ордунда, Айдың-Көл деген чоң көл болгон экен. Балким, Бермет айткандай, жер титирөөнүн кесепетинен жер жарылып кетип, Айдың-Көлдүн суусу Ысык-Көлгө кошулуп кеткендир. Ошентип көптөгөн шаарлар, кыштактар, мазарлар, ысык булактар суу астында калган. Ал кырсыктан силер айткан Чигу шаары да жабыркашы мүмкүн, – деди апасы.






– Мен да бир уламыш уккан элем. Илгери катуу жер титирөө болуп, чоң шаарды бир түндө эле суу каптап кетет. Ал түнү кырк кыз отун тергени тоого чыгып кеткен болот. Тоодон түшүшсө, шаарды суу басып калыптыр. Эч кимди таппай коюшат. Кырк кыз көлдү карап, көпкө чейин токтобой буркурап ыйлай беришет. Көз жаштары көлдү көздөй агат. Ошондон көл туздуу, ачуу болуп калыптыр деп айтылат, – деди атасы уламышты аяктап жатып.

– Балким, көз жаштан пайда болгон көл көзгө окшошуп калса керек, – деди Бермет.

– Чын эле, космосто болгон космонавттар Ысык-Көлдү адамдын көзүнө окшоштуруп, Жердин кареги деп аташкан. Спутниктен караганда, көзгө окшогон Ысык-Көл ак мөңгүлүү бийик тоолор менен курчалып, эң эле кооз көрүнөт. Биз "Мен жана дүйнө" сабагынан видеосун да көргөнбүз, – деди Эрнис.

– 11-кылымда жашаган окумуштуу Махмуд Кашкари ааламдын картасын тарткан. Ошол картада дүйнөнүн борбору катары Ысык-Көлдү көрсөткөн. Бул да бекеринен эместир... Чигу шаарынын көл астында калышы тууралуу жогоруда силер айткандан башка дагы көп божомолдор бар. Аны кылдат изилдөө керек, – деди атасы кошумчалап.





– Изилдөө үчүн көл астына түшүү керек да, – деди Эрнис.

– Ооба, аквалангисттер атайын кийимдери жана куралдары менен суунун терең жерине чейин сүзүп барышат. Алар суу астынан эски буюмдарды алып чыгышат, ал эми археологдор менен тарыхчылар ошол буюмдарды изилдешет. Канчанчы кылымга таандык экенин аныкташат, – деп Бермет билгендерин айтып берди.

– Археологдор болсо топурак менен көмүлүп калган эски шаар, кыштактардын ордун таап изилдешет. Акырындан, бузбай казып отуруп, ал жерден тарых үчүн баалуу материалдарды табышат, – деди атасы.

– Эгерде алар алтын тыйындар салынган кумура таап алышса, эмне кылышат? – деди Эрнис.

– Таап алган кенчти сөзсүз тарых музейине тапшыруу керек. Ал жерде илимий кызматкерлер, тарыхчылар, нумизматтар табылган тыйындарды изилдешет. Эски тыйындардын чыккан доорун, кайсы мамлекетте колдонулганын аныктап беришет.

– Эх! Мен суунун алдынан эч ким таба элек кенчти таап алсам, сонун болмок эле! – деди Эрнис көл жакты карап...

Эрнис көлдөн  көпкө чейин көзүн албай карап турду. Көгүлтүр толкундар улам сүрүлүп келип, жээкке жетип кайра тартылып кетет. Көл үстү мунарык, көл бети сырдуу...

...Анын көз алдына гүлдөгөн шаар тартылды...

...Кыялында алаквалангисттин гидрокостюмун, ластысын, суу жукпас шапкасын кийип, маскасын тагынды. Кислород баллонун асынып, көлгө кирди. Сууну кыйла жерге чейин жиреп барып, толкундарды эки колдоп сүрүп, көлдүн тереңине чумкуду.

Эрнис шаар урандыларын, эски мунараларды, кыйраган дарактарды, оргуштаган булактарды аралай сүзүп жүрдү...



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**